"Бөру "
Алыстан алып жытын
Узактан угуп үнүн
Олжого октолгондоо
Оокумга тутулат күн
Анткени бөрүлөрдүн
Жан досу караңгы түн

К,,,а
Жанаша учур кырдаалга
Карабай ысык суугуна
Ар дайым даяр бөрүлөр
Буйрукту тез аткарууга

Шамалдын нугун жарып
Изсиздин изин табып
Анына ашыкканда
Жарышып чуркайт жарык
Багыттап бөрүлөрдүн
Баратат алтын казык

К,,,а
Жаралган кооптуу абалда
Жабыркап турса Чекара
Ар убак даяр бөрүлөр
Коопсуздук камсыз кылууга

Турганга миңи бирдей
Билгенге бири миңдей
Укканга атылган ок
Көргөнгө көз үлгүрбөй
Бөрүнүн кыймылына
Суктанат шамдагайлык

Тынчтыгын элдин бузууга
Ниеттенип душман турганда
Ар дайым даяр бөрүлөр
Жоокерче курман болууга
Баатырча курман болууга